






Бешикжон жана Акман айыл өкмөттөрү Жалалабат облусуна караштуу Базаркоргон районунда 650-700 метр деңиз денгээлинен бийиктикте жайгашып, көптөгөн ариддик аймакта жашоочу жаныбарлардын мекени болуп саналат.

Акыркы жылдардагы калктын өсүүсү, малдын көбөйүшү, айыл ресурстарын баш аламан пайдалануусу жана калктын экологиялык билиминин томондугунө байланыштуу айылдын жаратылышынын абалы кескин төмөндөп, жер-көчкү, суу ташкындары тез-тез кайталанууда.

Андан сырткары, таза суунун жетишсиздиги бирден бир негизги проблема болуп, жергиликтүү калктын ден- соолугуна тер с таасирин тийгизип, оору-сыркоонун саны жылдан жылга көбөйүүдө.





Ошондой эле, бул аймактардагы эндемикалык канаттуулар менен жаныбарлардын жок болуп кетүү коркунучу пайда болууда.

Айылдын жаратылышы жана анын келечеги жергиликтүү калкка көз каранды, жана кийинки муунга өткөрүп берүү алардын милдети. Бул долбоордун максаты элге жана мектеп окуучуларына жаратылышты коргоо боюнча терең түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен алардын айлана-чөйрөгө болгон жоопкерчилигин күчөтүү.

Долбоор төмөнкү иштерди жүзөгө ашырат:
•Мектеп окуучуларына айылдын жаратылышы жана анын биотүрдүүлүгү боюнча түшүнүк берүү;
•Кызыл китепке катталган канаттуулар жана жаныбарлар боюнча кеңири түшүнүк берүү, аларды коргоону уюштуруу;
•Таза сууну иштетүү жана тазалоо боюнча кеңири түшүнүк берүү;
•Мектеп окуучулары үчүн питомник уюштуруу;
•Жергиликтүү калк үчүн жаратылышты коргоо иштерин алып баруу жана маалымат таратуу.








